# УЯСЫ

1993-жылы апрель айынан баштап белгилүү обончу-аткаруучу Бабаравшан Тургунбаев филармонияга артист болуп кирет. Ушул эле жылдан өзгөчө жанрдын артисти болуп СССР спортунун мастери Алым Ажыматов, ырчы-аткаруучу солистка Төрөбаева Касиет. 1994-жылдан ырчы кыздар Эркинбаева Турганбү, Раимбекова Лира, Сейдалиев Бакыт, Сыргабаев Мурат, кийинчерээк Таласова Гүлшада келип иштейт.

1993-жылдын декабрь айынан баштап «Ош булагы» аттуу өзбек ыр-бий ансамбли түзүлүп иштей баштайт. Анын жетекчиси болуп, балетмейстер Нуржахан Гапирова келет. Бул группада эң алгач музыканттар Мамажанов Хабибилла, Маккамов Абдурашит, Сарымсаков Алишер, Мырзаев Адылжан Матусманова Айгүл иштейт. Эл эми бийчилер Сабитова Ферузахан, Касымова Гүльмира, Мадаминова Дильфуза, Хакимова Зульфия, Гараева Феруза Алиева Тахмина, Сарикова Рано, Храмова Светланалар кабыл алынышат. Дойрачы болуп Узакбаев Немат ишке кирет. Азыр бул «Ош булагы» ыр-бий ансамбли ийгиликтүү иштеп жатат.

Ал эми Ош облустук Р. Абдыкадыров атындагы филармониянын тарыхында эл аспаптар оркестринин ролу өзгөчө. Оркестр эң алгач 1988-жылы «Насыйкат» деген ат менен түзүлөт да, ага жетекчи болуп Мамат-Тахир Сулайманов иштейт жана аны уюштурат. Оркестрдин солисттери болуп Абдыманап Тургунбаев, Ашым Молдокулов, Бекболот Абдувалиев, Маткул Назашов, Адылбек Керезов, Жолдошбек Кокумов, Кайыбек Орозалиев жана башкалар ишти алдыга жылдырышат.

Кийин кээ бир өзгөрүүлөргө байланыштуу жаңы артисткалар кабыл алынат жана оркестрди толуктоо иши жүгүзүлөт. 1990-жылдардан Азимбаева Гулбар иштеп. 1994-жылдан Умарочып, Тургунбаева Бактыгүл ва Малика, 1995-жылдан Токторбай кызы Орозгул, 1997-жылдан Кожомжаров Абды, Абдыкадырова Сюта артист болуп киришет. Ал эми бүгүнкү чейин ийгиликтүү иштешкен артисттердин аттарын да өзгөчө белгилеп кетүүгө туура келет. Алар; Ахматалиева Эркайым. Кузнецова Светлана, Исраилова Эркейым. Орунбаева Бегайым. Темиркулова Нургүл, Аттокурова Нурийла ж.б. Ал эми Бабашова Токтобубу репетитор болуп бир топ жыл иштейт. Азыр оркестрди 1996-жылдан бери Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Ашым Молдокулов жетектейт.

1994-жылдын 15-ноябрында Ош облустук мамлекеттик администрациясынын ошол учурдагы башчысы Абдыганы Эркебаевдин колу коюлган № 154-Токтомунун негизинде Ош облустук филармонияга көзү өтүп кеткен залкар обончу-мелодист, аткаруучу, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти Рысбай Абдыкадыровдун ысмы ыйгарылат. Р. Абдыкадыровдун ысмын өчүрбөй татыктуу алып жүрүү үчүн артисттер, бийчилер, обончу-аткаруучулар, акындар чыгармачылык менен эмгектенишип, филармониянын атын алыска угузушууда. Алардын катарында Кыргыз Рсеспубликасынын эмгек сиңирген артисттери Токон Эшбаев, Фахридин Баяков, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер-музыкант Ашым Молдокулов, акын жана жазуучу Кармышак Ташбаев, обончу-аткаруучулар Мурат Сыргабаев, Акбаралы Тасмаев, комузчу-дастанчы Шайдоо Кожогелдиев, солисткалар Лира Раимбекова, Турганбү Эркинбаева, Рая Нургазиева, Касиет Төрөбаева, темир ооз комузду сызгырылта ойногон Жыпар Белекова, сатирик-куудулдар Дөөлөт Мадымаев, Сайдин Эргешов, Бекболот Келдибеков, жана Мейилкан Нурумбетовалар ийгиликтүү иштешип жатышат.

1997-жылдын 25-февралындагы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №02/117 «Буйрук распоряжениеси» менен «Кыргызкино» Госконцерниинин карамагындагы «Космос» кино- таетрынын имаратын Р. Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониянын балансына өткөрүлүп берилет.

Бүгүнкү күндө театрдын имаратын кайрадан реконструкциялоо боюнча «Ош—3000» генералдык планына киргизилип, курулушчулар бул ишти колго алышып, ремонт жана реконструкциялоо жумуштарын аткарып жатышат. Демек, келечекте Ош шаарынын борборундагы бир маданият сарайынын имараты пайда болуп, элибиздин рухий талабын канааттандырып туруучу күн алыс эмес.

Бүгүнкү күндө областтык филармониянын жалпы чыгармачыл жамааты жаңы программадагы номерлерди жаратуунун үстүндө тынымсыз иш алып барышууда. Келечекте комузчулардын ансамблдерин түзүү, хор жамаатын уюштуруу жагы да пландаштырылууда.

К. АЛИКЕТЕГИН.